С(Кыргз)
Ж89

АЙЗАДА ЖУНУШАЛИЕВА

# БОЛБОСОМ ДА ЭЛ АКЫН...



АЙЗАДА ЖУНУШАЛИЕВА

# БОЛБОСОМ ДА ЭЛ АКЫН

*Ырлар*

Чыңгыз Айтматов атындагы
райондук борбордук китепкана
Инв.№ 33848

Бишкек
«Бийиктик плюс» – 2014

4362

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
Ж 89

Жунушалиева Айзада.
Ж 89 Болбосом да эл акын: Ырлар,
– Б.: Бийиктик плюс, 2014. – 112 б.

ISBN 978-9967-13-992-3

Колуңуздардагы ыр жыйнак жаш акын Айзада Жунушалиеванын жарык көргөн алгачкы тырмак алды эмгеги болуп саналат. Китепке акындын эл-жер, ата-эне, бала, сүйүү тууралуу ырлары киргизилди.

Китеп ыр ышкыбоздорунун кеңири чөйрөсүнө арналат.

Ж 47020300200-14 УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

ISBN 978-9967-13-992-3 © Жунушалиева А., 2014

## АПАКЕМ

Кут болсун апаке туулган күнүң,
Мынакей 70ке чыктың бүгүн.
Куттуктап уул-кыздарың маңдайында
Кубанып шаңдуу чыксын сенин күлкүң.

Апаке, ак сүтүңдү мен актаймын,
Алтындай сөздөрүңдү бек сактаймын.
Ата ордуна ата болуп келдиң бизге,
Алпештеп бир өзүңдү мен барктаймын.

Апакем маңдайымда кубанамын
Канткенде ак сүтүңдөн кутуламын?
Колумдан дүнүйө, мансап келбесе да,
Апакем, жок дегенде ыр сунамын.

## ТОГУЗ-ТОРОМ БАЯНЫ

Тогуз-Тором суктанам тоолоруңа,
Сыймыктанам тоолук жерден болгонума.
Алыста жүрсөм дагы куса болом,
Дайыма жүрөктөсүң, ойлорумда.

Дөдөмөл, Кош-Булак айылың бар,
Өрнөгү бар суусунда балыгы бар.
Атай, Арал, Бирдиги өзүнчө шаар,
Андан ары Макмал алтын байлыгы бар.

Өрүшүндө жайнаган малдары бар,
Өмүрүн өрнөк кылган адамдар бар.
Тарыхта калган дагы көп инсандар,
Эл жер үчүн шилтенген бул кадамдар.

Куттуктап «70» жаш майрамыңды,
Эл ичи – өнөр кенчи өтүп жатат.
Кубантып бийик көтөр байрагыңды
Сен үчүн өткөрөбүз чоң салтанат.

Алп Тобоктун үңкүрүнө баралы,
Бабаларды бүгүн эске салалы.
Чыга берсин жергемде көп инсандар,
Мына ушундай тоолуу жергем
Тогуз-Тором баяны.

*08.08.2006.*

## ЖАЛПЫҢАРГА БИР КААЛОО

Куттуктайм, байке, сиздин маарекени,
Сизге кошуп куттуктайм жеңекемди.
Ушундай үйгө келген жакшылыкта,
Унутуп кантип коём энекемди.

Анткени, эне, сиздин колуңузда,
Кубанып жүзү жарык тоюңузда.
Мен дагы жетиналбай келе бердим,
Анткени чакыргансыз тоюңузга.

Эмесе ага-эжелер жалпы каалоо,
Адамдык сапаттарды бийик баалоо.
Каалаймын жалпыңарга чың ден соолук,
Өмүрдө сүрөлүчү узак жашоо.
Арнадым бул ырымды ага-эжелер,
Кут болсун 20 жылдык маарекеңер!

*25.05.2006.*

## АЙНУРАГА

Айнура тагдырыңа жазган ушу,
Талпынып учуп келээр бакыт кушу.
Таарынбай тагдырыңа өмүр сүргүн,
Энесиз болбойт экен үйдүн куту.

Эл ичинде айтылат эчен сөздөр,
Көрө албайт көзү жаман арам көздөр.
Көз жашка айландырба көңүлүңдү,
Күлгүндөй өмүрүңдү күлүп өткөр.

Намысыңды колго карма камчыланып,
Балдарыңдын энеси бол мээрим чачып.
Өмүрлүк жарың менен кол кармашып
Өткөргүн өмүрүңдүн даамын татып.

*05.06.2006.*

## АЙДАНАГА

Кудайым бизге мына энчи берди,
Куттуктап, тууган-урук баары келди.
Кубанычты тең бөлүшүп турганда,
Ата-эне атын коюп элжиреди.

Мынакей жыл да өтүп бирге толду.
Наристе Айдананын тою болду.
Чакырып бир тууганды кошунаны,
Ата-эне кубанычка койну толду.

Каалаймын наристеге узун өмүр,
Балалык асманында ачык көңүл.
Айдана айдай болуп, күндөй болуп,
Нур чачып түбөлүккө сүрсүн өмүр.

*10.06.2006.*

## ЭЛИМЕ ТААЗИМ

Жылдыз белгим таразадай так болуп,
Мен чындыкты сүйлөй билем ак болом.
Жашым менин 37 – мүчөлүм,
Балык жылда жүрсөм экен сак болуп.

Келиңиздер менин ушул кечеме,
Ырларым бар бир аз, бир аз саналуу.
Аз да болсо жүрөгүмдөн чыкты эле,
Жаратылыш адамзатка арналуу.

Анда эмесе ыр сандыгым ачайын,
Ырларымды чачыладай чачайын.
Ыр куржунун толтурайын мындан да,
Жандүйнөмдүн жаңырыгын айтайын,
Эң оболу угарманга, элиме,
Башымды ийип, таазим этип алайын!

*05.03.2005.*

## ГРУППАЛАШКА

Жай эле эшикте саратан,
Жатчу элем баланын айынан.
Эшиктен келгенде группалаш,
– Кел, – дедим, – Эркинбек каяктан.

А көрсө группалаш ооруптур,
Кечинде аппендицит болуптур.
Таанызбай ал мени сиз деди,
Ал көрсө унутуп коюптур.

Каалаймын группалаш ден соолук,
Ишиңде ийгилик орносун.
Көрө албас, ичи тар арамдар,
Жашоодо кор болуп оңбосун.
Ишиңде тоскоолдук болбосун,
Жараткан өзүңдү колдосун!

*12.06.2006.*

## ЭНЕКЕҢ СУРАЙТ КЕЧИРИМ

*(Кызым Айгеримге)*

Азабын тартып айлам жок эле,
Күн-түнү калып уйкудан энең.
Ыйлайсаң кошо ыйлачу элем,
Соорото албай кыйналчу элем.

Уктасаң кошо уктачу элем,
Убара тартып кыйналчу энең.
Кудайга неден жаздым экен деп,
Өзүмчө калып ыйлачу элем.

Мээримим төксөм күнүнө беш маал,
Баары бир эми болуп калгандай.
Балалык күлкүң бир азга токтоп,
Мээнетим калды өзүңдөн кайтпай.

Эстеген сайын көз жашым толду,
Кырсыкты кудай кайдан деп болду.
Энекең сенден кечирим сурайт,
Кечирчи, кызым, кечирип койчу.

*12.06.2006.*

**АК ТИЛЕК**

Кудалар, тоско көңүл бурсаңыздар,
Кубанып ырдап, бийлеп турсаңыздар.
Жашоодо бир келет го ушул күндөр,
Ыр кесе уюштуруп сунсаңыздар.

Каалары м – эки жашка узун өмүр,
Эч качан бүркөлбөсүн ачык көңүл.
Эриш-аркак кылган бизди эки жаш,
Кол кармашып түбөлүккө сүрсүн өмүр.

Алдын малы, аркасын бала баскан,
Ырыскыдан кем болбосун ашып-ташкан.
Каалоо айтып турамын мен ыр менен,
Ушул тостту алсаңыздар калтырбастан.

*05.11.2006.*

## СҮРӨТЧҮ БАЛАГА

Кел сүрөтчү, тартсаң тартчы сүрөткө,
Бирок бир аз тура турчу мүнөткө.
Балам келсин чакырайын мен азыр,
Балдар менен сыртта ойноп жүрөт го.

Мына эми тарта берсең болчудай,
Тарттың бүтүп эми отур ичип чай.
Жок, эжеке, ичтим чайды ишим көп,
Жок дегенде нан ооз тийчи шашылбай.

Келди сүрөтчү сүрөттөрдү чыгарып,
Канакей деп биздин балдар кубанып.
Сүрөтчүгө берип сүрөт акысын
–Ырахмат! – деп койдум сыртка узатып.

*28.12.2005.*

## САНАЛУУ ЫРЛАРЫМДЫ КАЛТЫРАМ

Жакшы көрөм жазды, жайды, күздү да,
Айла жоктон жакшы көрөм кышты да.
Айла жоктон жакшы көрөм дегеним –
Үшүгөнүм эстен кетпейт чынында.

Ак барактын бетин ырга толтурамын,
Андан бери канча кышты тосуудамын.
Күз келсе жалбырактар саргыч тартып,
Күзүндө тоскон элем «30» жашым.

Күзүндө тоскон элем «30» жашым.
Күз артынан кыш да келип калды бачым.
Кайрадан жаз да келет жай да келет,
Ошентип өтө берет кырчын жашым.

Ошентип өтө берет өмүр деген,
Ким бар экен өкүнбөй өмүр кечкен.
Саналуу ырларымды калтырамын,
Өкүнбөйм мен өмүрдөн өтүп кетсем.

*18.10.2006.*

## ЫР МЕНЕН УЗАТЫП ТУРАМЫН

Сапарын арбытып алыстан,
Сан жылда бир келет капыстан.
Туулган жер, ата-эне, бир тууган,
Баардыгы жүрөктө катылган.

Ээрчитип келинчек балдарын,
Арттырып узак жол сапарын.
Туулган жер элине келгенде,
Жүрөгүн кубаныч каптасын.

Чайлашып сырдашып кубанып
Сагыныч сөздөрү уланып,
Кетүүгө убакыт келгенби
Ыр менен турамын узатып.
Алыска узаса карааның,
Байсалдуу болсун деймин сапары!

*07.09.2006.*

## АРБАГЫҢ МЕНИ КОЛДОП ЖҮР

Менин анда балалык чагым эле
Мектепке эң биринчи койгом кадам.
Балалык баё сезим билбептирмин,
Төшөктө жаткан эле ооруп атам.

Чакырат колун сунуп атам мени,
Жаныма келчи, кызым, садагасы.
Телмирип туруп калдым көпкө чейин,
Тагдырдын бул не деген тамашасы.

Аталап сүрөтүңдү карап калдык,
Энелик мээрим менен канат кагып.
Эс тартып биз баарыбыз үй-бүлөлүү
Жатамын атакемди ырга жазып.

Ата наркын кетирбей биз баарыбыз,
Атабыздын жоктугуна капабыз.
Арбагы менен колдоп жүрсө деймин,
Ар убакта унутпайт балдарыңыз!

*07.11.2007.*

**Эскерүү:** *Мен атамдан 7 жашымда калган элем. Андан бери 24 жыл өтсө дагы балалык баё сезим артта калып, атамды ыр менен эскерип отурам. (29-ж.)*

## БИР ТУУГАНДЫК САГЫНЫЧ

Теңеймин эжекемди айдың көлгө,
Аккуусуз элестетчи айдың көлдү.
Эжекем пейли кенен көлдөй толкуп,
Толкуган көл үстүндө аккуу өзү.

Теңесем жарашыктуу баардыгына,
Теңебейм бир гана мен жалгыздыкты.
Тең келбейт ага эч ким бул дүйнөдө,
Мен ойлойм сөзсүз жеңет жалгыздыкты.

Алыста жүрсө дагы оюм сизде,
Ар качан сүрөтүн мен карай берем.
Ишинен илгерилеп бийик бол деп,
Ичимен мен ийгилик каалай берем.

Эжеке кут болсун мүчөлү жашыңыз,
Бактыдан бошобой башыңыз.
Кулпунуп, кыпкызыл кийинип,
Кырынан кыйналбай ашыңыз.
Кырк жашта кымча бел кыз болуп,
Элүүгө эркелеп барыңыз.

*26.05.2007.*

## БАЛДАРЫМА БАЛ ТИЛЕК

Балалык аруу дүйнө балдарыма,
Каалаймын жүрөгүмөн мен дайыма.
Отурсам, турсам дагы ойлорумда,
Тилеймин болушса деп маңдайымда.

Кудайым балдарыма өмүр берсин,
Кандырып ата-эненин көңүл черин.
Бой тартып эс тартканда акыл берип,
Алкышты элден алып өмүр кечсин.

Намысты колго кармап эл ичинде,
Күч салбай чоңойгондо ата-энеге.
Жетилсе уул-кыздарым эрезеге,
Жарашсын эл-жер үчүн көп керекке.

*03.07.2005.*

***Бактылуу болгула алтындарым!***



Чыңгыз Айтматов атындагы
райондук борбордук китепкана
Инв.№ 33848

## МЕН КЫРГЫЗДЫН КЫЗЫМЫН

Мен кыргызмын кыргыз болуп төрөлгөм,
Кыргызымдын бешигинде бөлөнгөм.
Кыргыз салтын улай билген кыз бол деп,
Кыргызымдын батасынан көгөргөм.

Кыргызым Ала-Тооң бийик болсун,
Асманыңда өчпөгөн жылдыз толсун.
Даңазалап ыр менен жазып келем,
Дарагыңа бакыттын кушу консун.

Кыргызым асмандагы жылдызга тең,
Сан жетпесе сапаты жылдыз менен.
Кыргызым салмактуусуң Ала-Тоодой,
Сыймыктан мына биздей уул-кыз менен!

*04.01.2006.*

## ГҮЛДӨР

Гүлдөргө арнаймын сүйүүмдү,
Ансыз мен өткөрбөйм күнүмдү.
Өстүргөм гүлдөрдүн түрлөрүн,
Гүл менен көрктөнтүп үйүмдү.

Өстүрөм гүлдөрдүн түрлөрүн,
Күзүндө жыйнаймын бүрлөрүн.
Жаз келсе кайрадан көрктөнүп,
Болушат үйүмдүн көркөмү.

Өстүрүп мээнеттеп багамын,
Туулган күн ээсине арнадым.
Өткөндүн көз жоосун алдырып,
Күнүмдү гүлдөргө арнадым.

*24.05.2004.*

## САЛАМ МЕКТЕП

Салам² мен окуган мектебим,
Сага арнап ырлар жазып келгемин.
Алиппеден «А» тамгасын үйрөнүп,
Билим кенин сенден казып кеткемин.

Салам² учкан уям мектебим,
Канат байлап сенден учуп кеткемин.
Окуп жатат уул-кыздарым өзүңдө,
Бирок өзүм максатыма жетпедим.

Салам² алтын уям мектебим,
Айланчыктап сенден узап кетпедим.
Сен турасың бир калыпта өзгөрбөй,
Мен өзгөрүп эне болуп кеткемин.
Эне болуп өзгөрсөм да унутпай,
Бул кечеде келээримди эстедим.

*27.12.2011.*

## БАКТЫЛУУ БОЛ

Дөөтүң колдоп эл уулу болуп жүрө бер,
Ден соолук каалайм узакка өмүр сүрө бер.
Жаштыктын доорун жакшылап карма
өкүнбөй
Сүйгөн жар болсо сүйдүрүп аны жүрө бер.

Кай жерде жүрсөң байсалдуу болсун сапарың!
Катарлаш достор толуктап турсун катарың .
Бул жашоодо кайгыга такыр алдырба,
Ак эмгек жана ак нике менин каалларым!

*8.11.2011*

## АЙЫЛДАГЫ БЕРЕКЕ

Эркелеп бала кезимде,
Ойгонуп түштө турчу элем.
Нан барбы апа, чайчы деп,
Бетимди түштө жуучу элем.

Убакыт өтүп, жыл өтүп,
Турмушка чыктым кеч күздө.
Калды го түштө турганым,
Эртерээк туруп үй күтмө

Ызылдап ушул айылдын,
Шамалы турат басылбай.
Мөндүрү жааны аралаш,
Жаамайын турчу ачылбай.

Түйшүгү ушул айылдын,
Түгөнбөйт таңдан күн кечке.
Күзүндө толуп кырманга,
Айылда болот береке.

*08.09.2005.*

## ӨТҮНҮЧ.

***(Бакыт Мукулга)***

Кош келиңиз Бакыт Мукул,
Кечээ күнү жинибиз келди чукул.
Элигип элдин көбү барганын айт,
Ошентип сиздин келбей калганды айт.

Андан да балдардын ыйлаганы,
Сөзгө көнбөй ызылдап кыйнаганы.
Кеттик десем кетпеймин деп чырдаганы,
Бакыт Мукул келдиби деп тыңдаганы.

Белеттерди келгенде саттырсаңыз,
Бетке айткан сөзүм үчүн таарынбаңыз.
Эми чындап келишиңиз менен,
Концертиңизди коюңуз кенен!

*31.08.2008.*

## АЧУУ-ТАТТУУ АРАЛАШ

Арак ачуу, андан башка эмне ачуу?
Тузуң ачуу калемпириң, мурч ачуу.
Толуп жатат айта берсең ачуулар,
Бардыгынан бетке айткан сөз ачуу.

Наның таттуу, чайга кошкон бал таттуу,
Жүзүм таттуу жүздөн сүйгөн жар таттуу.
Кыйынчылык башка түшүп турганда,
Жок дебестен ажаат ачкан бар таттуу.

Жашоодо ачуу менен таттуу чогуу,
Аралаш болуп турат бил ошону.
Билеличи эриш-аркак учурларын,
Чындыктын калп артынан чыркырарын.

*17.03.2007.*

## АДАМ ЖАШЫ

5 жашта – бул дүйнө жомок болуп,
10 жашта – оюнчуктан оолак болуп,
15 жаш – кыраандагы чыккан айдай,
20 жаш – кыз-жигитти жандап (калат) коюп,
30 жаш – турмуш сырын ачып берген,
40 жашта уул-кызды кудайберген
50дө эркелетип неберени
60 жаш – аксакал кары делген,
70 жаш – карылыктын жемиши го,
80 жаш – бул жашоонун бейиши го,
90ду тогоотпой жөөлөй басып
100 менен учурашкын саламдашып
кудайым өмүр берсе аябастан,
100дүн деле кырын ашып жашасак.

## АРАК ЖАНА ДЕН СООЛУК

Ден соолуктан калып далай адамдар,
Ажал өңдүү арак деген азап бар.
Өлгөнүңдө калса дагы бул жосун,
Өлгөндө да кайрат деген адат бар.

Бул жарыкка келгенинде адамзат,
Бар бар ыйлап, бала болуп келесиң.
Ден соолугуң ажыраса арактан,
Бул дүйнөдөн арак үчүн өтөсүң.

Ден соолуктан ажыраткан аракты,
Кандай адам бул ааламга таратты.
Бир күндүгүн ойлоп ичкен адамзат,
Гүл өмүрүн соолуткансып баратты.

Ажал улук, андан кийин аракпы?
Арак мүрөк арак ширин тамакпы?
Кимиң барсың кана айтчы ким жеңет?
Ким жоё алат, арак деген адатты?

Байлыгың да, бийлигиң да ден соолук,
Ден соолугуң сактабасаң эң кыйын.
Өмүр жашың секунд санап баратат,
Ден соолугуң жок болсо эгер,
Байлыгың да, бийлигң да бир тыйын.

*28.03.2011.*

## ГЕОЛОГДУН КЫЯЛЫ

Суктанып сулуусуна кыргыз жердин,
Келишет сапар тартып чет элдери.
Кучагын жайып тосот кыргыз эли,
Келгиниң, мейман досум, төр сеники.

Таң калат боз үйдөгү ошол мейман.
Боз үйдүн келбетине кызыктанып.
Бул үйдү кандай кылып тургузган деп,
Таң калып суроо берет кызыктанып.

Анда кыргыз мактанып кымыз сунат,
Суроосуна меймандын жообун улап.
Ич кымыздан меймандос, суусун кандыр
Ичип алып кымыздан жолун улайт.

Айтып бүтпөйт мейман дос кыргыз элин,
Кыргызымдын пейилинин кенендигин.
Кыргызымдын тамшанткан кымызы ай,
Кыргыз жери кереметтүү жер экенин.

Кыз алсамбы кыргыздан көңүл толуп,
Кыргыздарга күйөө бала калсам болуп.
Кыялданып олтурду көпкө чейин,
Кайра артка кайтсамбы кыргыз болуп.

*18.06.2005.*

## МЕНДЕ ЭМНЕ АЙЫП

Менде эмне айып?
Болсо атанын баласы.
Атасынын кызында ой санаасы.
Жаман деле болсо өз го атасы,
Кечирээр дейм болсо атанын катасы.

Турмуш деген өйдө-ылдый турбайбы,
Бүлүк салсам мени кудай урбайбы.
Менде эмне айып?
Ата-бала табышса
Ата болуп балага кол сунбайбы?

Колун сунса мен да сунам колумду,
Ата-бала эриш-аркак болсунчу.
Жакын туруп тирүү жетим болбосун,
Туура көрсө ушул менин оюмду.

Кудум өзү күлгөнү да басканы,
Сүйлөгөнү, жоошт угу, жалтаңы.
Жолукканда карап калат кылчактап,
Көз карашы жек көрүү же башкабы?

Ак ниеттен чакырамын төрүмө,
Ата-бала жетет чындык түбүнө.
Келбесе да бир мен үчүн үйүмө,
Келип турсун эл көзүнө көрүнөө.

Ойлорум бар көп санаага чөмүлөм,
Колдон келсе чачыламын төгүлөм.
Кантип карап тура берем болсо эгер,
Карап тургун эл көзүнө көрүнөм!

*25.10.06.*



## ЖАҢЫ ЖЫЛДЫК ЫР САПТАР

Жаңы-жылдык балаты,
Коздугун карачы.
Аяз-Ата, Аяз-Кыз
Белектериң таратчы.

Жаңы жылда жаркын маанай,
Балатыны айланып,
Ырдап-бийлеп белек алдык,
Коздоп оюнчук байладык.

Жаңы жылда достошолу,
Достук болсун түбөлүк.
Ушул жылдын майрамында,
Урмат-сыйда жүрөлүк.

## АЙТПАЧЫ СЕН

Сен ким элең жүрөгүмдү ээлеген?
Сезимдерге булук салган өңдөндүң.
Айтчы ачык сүйө албасаң кыйналба,
Арбап алды сенин жылуу көздөрүң.

Билбейм неге көңүл буруп калганга,
Калбасам дейм мен өкүнүп арманда.
Билем сенин ойлоруңду башкача,
Билсем дагы айткым келбейт аркаңда.

Сен айтышың мүмкүн мени аркамдан,
Жүрөмүн деп досторуңа мактаныπ.
Канча айтсам да сыйлайм сенин өзүңдү,
Суранамын айтпачы сен жар салып.

Арбалып мен калгандаймын өзүңө,
Эркелеткен жагымдуу бир сөзүңө.
Мейли мени сүйалбасаң, кыйналба,
Бирок тургун сен эркекче сөзүңө.

*03.07.2010.*

**УЧКУЛ СӨЗДӨР**

Сүйүүнүн сырын билем десең –
жүрөгүңдү арнай бил.

Адамдын сырын билем дасең –
сүйлөшө бил.

Алтындын баркын билем десең –
баалай бил

Адамдын баркын билем десең –
сыйлай бил.

*15.06.09.*

## ТӨРТ МЕЗГИЛГЕ ТӨРТ САП ЫР

Жаз келип маанайым жайдары,
Булбул куш тил безеп сайрады.
Көпөлөк кубалап ойношуп,
Адырдан чуркурайт балдары.

Жазды ээрчип жай келет түрлөнүп,
Бак-дарак бүр чачып гүл өнүп.
Айылым – адырым жапжашыл,
Ата-журт бейкутта бөлөнүп.

Жай артынан күз келерин билем аны,
Жалбырактар саргыч тартып кыштын камы.
Береке байлык кошо төгүп келген,
Жемиштүү берекелүү күз айлары.

Саамайым бубак баскан кыштын жели,
Сагындым сени дагы аппак карым.
Карасам арт жагыма бир кылчайып,
Кар менен кошо кеткен жаштык чагым.

*13.01.2008.*

## ЖАН ДҮЙНӨМ ЖАҢЫРЫГЫ

Жан дүйнөм жабыркап турганда,
Жан биргем жанымда болсочу.
Жүрөгүм ыр менен жаралуу,
Жалооруп бир аяп койсочу.

Жан дүйнөм кыялга батканда,
Ыр жазып кыялга батамын.
Кыялдын кемесин мен айдап,
Ырлардын дайрасын ашамын.

Жан дүйнөм ырларга толгондо,
Ак барак беттерин толтурам.
Балалык аруу таза күндөрүмдү,
Ырга айлантып мен эстеп олтурам.

Жан дүйнөм кусага толгондо,
Кусалык ырларын жазамын.
Эркелеп ырларга чөмүлүп,
Ыр менен капамды ачамын.

*02.03.2010.*

## РАДИО МИҢ КЫЯЛ

***(Бишкек FM 106.9 жыштыгына)***

Кадыр түндө бал каймак,
Бал каймактан мен аймап.
Жиберемин СМС
Жигиттер мага тең эмес.

*1037.16.09.2009.*

Айттап барсам Миң Кыял,
Ал жактан мени ким тыяр.
Балы менен каймагын,
Жесем деген бир кыял.

*17.09.2009.*

## КЫРГЫЗ РАДИОСУ

Байланышка чыгамын,
Кубанычка тунамын.
Жиберемин СМС,
Бирдигим менин көп эмес.
Кыргыз Радиосу
Силерди дайым угамын.

*1069. 03.04.2009*

## АБЫСЫНДАРГА КАЙРЫЛУУ

Абысындар ар улуттан келген сыяк,
Карап турсаң бардыгы кыргыз туяк.
Абысындар, абысындык кылбайлычы,
Эл укса өзүбүзгө эле уят.

Андан көрө эже-синди бололу,
Арт жактагы кемчиликти жоёлу.
Ар дайым жакшылыкта бирге болуп,
Алды жакка чоң максатты коёлу.

Эң башкысы биримдикте бололу,
Эркектерди эң алдыга коёлу.
Аял жакшы эр жакшы деген сөздөй,
Абысындар ынтымактуу бололу!

*05.10.2007.*

**КҮТТҮРГӨН СҮЙҮҮ.**

Айлана теребел аппак кар,
Адырда муз тепкен жаш балдар.
Кыз-жигит келатат кар кечип,
Сүйүү үчүн жааганбы ошол кар.

Жаз келип жайнаган байчечек,
Жаз деми сүйүүгө дем берет.
Кыз-жигит кыналып гүл терет,
Келди го биз күткөн келечек.

Кыз-жигит келатат кыналып,
Жаздагы сүйүүгө ынанып.
Ошентип баш кошту эки жаш,
Тойлору тойлорго уланып.

*14.02.2011.*

## БОЛБОСОМ ДА ЭЛ АКЫН

Аял деген үч тамгалуу ат тура,
Алтынга да алмаштыргыс зат тура.
Аял, эне – жашоо турмуш кунары,
Аял, эне – үйдүн куту чырагы.

Эне – деген атыңдан мен айланам,
Асмандагы жылдызсыңар жайнаган.
Жашоодо силер менен бирге болсок,
Жаралабыз биз дүйнөгө кайрадан.

Энелердин ак сүтүн ким эмбеген,
Энелерди кимдер сүйүп келбеген.
Миң-миңдеген наристелер көз жарып,
Миң-миңдеген бала бешик термелген.

Аял эне, аял бакыт, аял гүл,
Аял затын аяр карап, аяр сүй.
Жүрөгүнөн шоола чачат энелер,
Жүрөгүңө эне деген атты түй.

Мен аялмын жөпжөнөкөй үйдөгү,
Бала багып үй шыпырмай күндөгү.
Бирок жүрөк болк-болк этет тынчыбай,
Туруп алып ыр жазамын түндөсү.

Ырлар жазсам билбейт менин жакыным,
Коюлушуп келет чубап акырын.
Калем кармап уйку качып ал түнү,
Таң атырам өчүрбөй үй жарыгын.

Мейли түштө же күндүзбү, түндөбү,
Ырларымдын төгүлөт көп бүрлөрү.
Ой-санаалар, капалыктар унтулуп,
Ойдо жоктон ачылат ыр түрмөгү

Турмушумда ырларыма бет алдым,
Жан жолдошум билсе деймин ыр баркын.
Жаза берем ырлар өмүр өткөнчө,
Болбосом да эл алдында эл акын!

*02.03.2005.*

## ПЕРЗЕНТИМ ҮЧҮН

Жан биргем менин сабалап учуп барайын,
Жанында болуп көз кырым сага салайын.
Сагындым сени саамайың сылап жанында,
Перзентим үчүн жанымды курман чалайын.

Көз жарып алсаң баламды колго алайын,
Балам деп жаным, бакытка балкып калайын.
Эл уулу бол деп, аталык сөзүм айтайын,
Эрмегим сен деп, эркелеп бирге жатайын.

Койнума батпай кубаныч ташып турган кез,
Досторум дагы кубанып кошо турган кез.
Сөз жетпейт чиркин,
перзентим үчүн айтсам да.
Сөз менен кошо жүрөгүм туйлап турган кез.

*11.11.2011.*

## АЯДЫМ БИР ӨЗҮҢДҮ

Сени ойлоп уйкусуз таңым аткан,
Сени ойлоп кызарган күнүм баткан.
Ойлордун сазына мен чөмүлөмүн,
Аядым бир өзүңдү ооруп жаткан.

Укканда ишенбедим жалганбы деп,
Угулат кулагыма ар кандай кеп.
Санааркап жүрөктөгү таза сезим,
Сен үчүн мурункудай жашап келет.

Билбеймин сенин оюң кандай экенин,
Бил албай сары ооруга чөгүп кеттим.
Эртерээк буттан туруп кайра келгин,
Келгенде тосуп алаар сени менмин!

*14.02.2011.*

***«Азамат уулу Калдыбай» атындагы орто мектептин бүтүрүүчүлөрүнүн 20 жылдыгынын урматына***

## МУСАЕВ ИЛИЧКЕ

Чыгарды Илич үйдү деп,
Чогулуп баары жүрдү деп.
Ишенген үчүн келишти,
Иличтин шамы күйдү деп.

## БУСУРМАНОВА ВЕНЕРАГА

Дал ушул күн 20 жыл мурун болгон,
Ошондо да кубанычка койну толгон.
Акыркы коңгуроону кагып өзү,
Анда да кучагына гүлдөр толгон.

## ЖАНАЛИЕВА ЭСЕНКАНГА

Убагында грейдерщик бала эле,
Балалыктын дээринде бар е.
Бирок мезгил башка жакка бургансыйт,
Алтын кенин каза бергин дагы эле.

## БАРКТАБАСОВА ГҮЛНАРАГА

Тазалыкты кимдер гана сүйбөгөн?
Гүлнараны кантип эч ким билбесин.
Үйдөгү, жумуштагы тазалыкты,
Барктабасова Гүлнарадан үйрөнсүн.

## ЧЫЙБЫЛОВ НУРДИНГЕ

Жетиген деп аты айтып тургандай,
Жетигенди Нурдин өзү кургандай.
Күндүр-түндүр жарык чачкан үйлөргө,
Нурдин биздин бактыбызга туулгандай.

## ИСАКОВА ГҮЛЗИНАГА

Мугалимден таалим алган өзү ким?
Ушул кезде өзү дагы мугалим.
Билим берет 15 жылдан бери карай,
Ал Гүлзина Исакова – мугалим.

## БҮДҮРОВА НАЗИРАГА

Токтоо мүнөз жакшы кыз,
Назира биздин бактыбыз.
Ооруп калсак сыркоолоп,
Оорутпай ийне сайчу кыз.

## ЖОЛДОШОВ АБАЙГА

Бишкектен келди бел ашып Абай,
Ашуусу бийик бел ашып далай,
Беш күнчө көңүл ачып кет эми,
Турса экен эми жамгыры жаабай.

## АЯЗОВ ЖЭЭНБЕККЕ

Машина айдап көңүл сүрөт,
Кээде бизнес кылып жүрөт.
Кудайым берип койгон бойду,
Анда-санда жылмайып күлөт.

## ИЛЬЯЗОВА ВЕНЕРАГА

Мугалим – кыргыз тилден сабак берет,
А бирок башка жакта эмгектенет.
А бирок биздин кыз, биздин намыс,
Турабыз сыймыктана тегеректеп.

## СЫЙБҮГӨ

Ачык мүнөз шайыр кыз,
Сыйбү биздин саанчы кыз.
Кел, классташ, кечеге,
Келип көңүл ачыңыз.

## ГҮЛАЙЫМГА

Чыгарып тамактын даамын,
Жумушта көрөт элдин камын.
Биздин кыз шеф повар болуп иштейт,
Автоцехтин тойгузуп баарын.

***Кымбаттуу классташтар! Силерге ушул ыр саптарын арноо менен бирге чын ден соолук үй бүлөлүк бакыт каалайм!***

*25.05.2010*

## АРНООЛОР

### СУЛТАНГАЗИЕВ АЛМАНГА

***(Өкмөт)***

Манасымдын Аккууласын мингендей,
Ак тулпарды минип жүрөт кирдетпей.
Жаңы жылда жаңы ийгилик каалайбыз,
Иштей бериңиз биздин тунгуч президенттей.

### ИСАКОВА МӨӨРКАНГА

***(Жооптуу катчы)***

Президентке жооптуу катчы сиз болуп,
Парламенттин депутаттары биз болуп.
Жаңы жылды тосолу парламентте,
Тамашалап каалап сизге ден соолук.
Эркек сымал мүнөзүңүз биз үчүн,
Эрдемситет бизге дайым дем болуп.

## МАМЕТКУЛОВ СУЛТАНГАЗЫГА

*(Экономист)*

60тан ашкан экен жашыңыз,
70тин жемишинен татыңыз.
80 менен 90 жашты тоготпой,
100дү ашып бир кылымды басыңыз.
Ошондо да экономдоп отурбай,
Неберелге өтсүн калган жашыңыз.

## КӨЧӨРБАЕВ ОРОЗБЕККЕ

*(Военком)*

Аскердик наам алып берейин,
Кана жигит даярсыңбы кам барбы?
Жүрөк үшү түшүп байкуш балдарда,
Арга жок да кача турган ал барбы?
Инспектор Көчөрбаев келатса,
Намысыңды коргообого ар барбы.

## БИРИМКУЛОВА АЙНУРАГА

*(Техничка)*

Далай жандар суктанышып карашып,
Акыл-эстен калышты го адашып.
Ким болсо да алган жары эжемди,
Куп өзүнө калса керек жарашып.
Жаңы жылда каалоо айтып сүйлөсүн,
Тазалыкты Айнурадан үйрөнсүн.

## БАЗАРКУЛОВА БУКЕНГЕ

Өкүмөттүн да бир мүчөсү,
Жаркылдап ачык мүнөзү.
Эжемдин бүркөлбөсүн кабагы,
Айткылачы бул табышмак ким өзү?

## ТИЛИМ ҮЧҮН ТУРАМЫН НАМЫСКА

Кыргыз тили, кыргыз жери кыргыз эл,
Кыргыз үчүн кулагыңды кенен кер.
Тилиң менен улут болуп келесиң,
Кыргыз эли байыртадан кеменгер.

Сүй тилиңди өз ата-эне жанындай,
Коё тургун башка тилге шашылбай.
Эркин сүйлө, эркин оку, эркин жүр,
Эне тилди албайлы биз таарынтпай.

Тилим үчүн турамын мен намыска,
Камчылынып чыгамын мен жарышка.
Башкалардан кем калбасын улуу тил,
Эне тилин даңазалайм алыска!

*17.03.2007.*

## ЖАКИШОВ АМАНКАНГА

Районго чыгып атыңыз,
Батасын элдин алдыңыз.
Үзүрлүү эмгек кылдыңыз,
Алыска кетсин даңкыңыз.

60 жашты аштыңыз,
70ке карай бастыңыз,
Тоготпой 80-90ду
100 жашка барып карыңыз.

Куттуктап сизди жалпыбыз,
Кубанып турган чагыбыз,
Дагы да кызмат кылыңыз
Далайга чыгып атыңыз.

*30.12.2009.*

## УЧА БЕРСИН ТАЛПЫНЫП

Тааныткан А тамгасын,
Мугалим эже, агайым.
Талпынып канат байлап учаарында,
Толкундап билбей турам эмне айтарым.

Айтаарым жүрөгүмдө мен бир гана,
Сүйүктүү эжекеси ал – Гүлнара.
Каалаймын чын дилимден чың ден соолук,
Болдуңуз балдар үчүн көп убара.

Уча берсин уядан талпынышып,
Учкан бойдон келбейт дебе кайрылышып.
10 жылдык, 20 жылдык маарекеде,
Унутпастан келишет сагынышып.

## КУТТУКТАЙМ 8-МАРТЫҢАРДЫ

Кымбаттуу эжелер-апалар,
Кымча бел селкилер, асылдар.
Куттуктайм сиздерди ыр менен,
Кут болсун бүгүнкү мартыңар.

Жаз келип айланам жашылданды,
Шарактап көчө бойлоп асылдары.
Кулпунуп жазга окшоп кийинишип,
Жайдары тосушкандай мартты дагы.

Куттуктайм чын дилимден жалпыңарды,
Кубаныч коштоп турсун барыңарды.
Эжелер, синдилер, апалар –
Куттуктайм 8-мартыңарды.

## КОШОК ЫРЫ

Апакем алтынды түйүп бек каткан,
Ай сайын белек каттаткан.
Күмүштү түйүп бек каткан,
Күн сайын белек каттаткан.

Апакем ак шайы көйнөк кийинген,
Алтындай сөзүң ичимде.
Көйкөлүп түрлөп кийинген,
Көркөмдү сөзүң ичимде.

Апаке, ак сарай калып өзүң жок,
Алпештей турган өзүң жок.
Көк сарай калып өзүң жок,
Көкүлүм сылаар өзүң жок.

Апакем ак кулпуң калды ачылып,
Ак сандык калды чачылып.
Көк кулпуң калды ачылып,
Көк сандык калды чачылып.

Апаке, кадырлап келген калкың көп,
Калк ичинде өзүң жок.
Сүрөтүң калып өзүң жок,
Сүйлөшө турган сөзүң жок.

Апаке, кыбыла карап ыйлаймын,
Кыздарың жоктоп ыйлайбыз.

Улагаң тиктеп ыйлаймын,
Уулдарың жоктоп ыйлайбы?

Кыялың эстеп ыйлаймын,
Кылгыртып жашым тыйбаймын.
Босогоң тиктеп ыйлаймын,
Буркурап жашым тыйбаймын.

Көлөкөң таппай ыйлаймын,
Көз жашым эми тыйбаймын.
Карааның таппай ыйлаймын,
Карагат көзүм тыйбаймын.

Апаке, а дүйнө сага жактыбы?
Атакем тосуп алдыбы?
Оо дүйнө сага жактыбы?
Уулуң да күтүп алдыбы?
Апаке, жатканың жайлуу болсунчу,
Бейишиң гүлгө толсунчу!

Алтыным апа!
Уктасам түшүмдөсүң,
Ойгонсом оюмдасың.
Мен кантип унутайын,
Мен үчүн болгонсуң убайым.

*03.09.2009*

## УЗАТЫП КАРААНЫҢДЫ КАЛА БЕРЕМ

Биз тааныштык көрүшпөстөн көз менен,
Таанышканбыз эң жөнөкөй сөз менен.
Таанышууга эмне себеп болду экен,
Көрсөм деймин сени эңсеп көз менен.

Жолугууга күндү санап барамын,
Бирок сени издеп кайдан табамын?
Мейли менден жашынсаң да канчалык,
Көргүм келет жок дегенде караанын.

Ар убак терезеңди карай берем,
Мен сени ушунчалык сагындымбы?
А бирок көрүнбөдү эч караанын,
Айтчы жаным, же мага таарындыңбы?

Узатып карааныңды кала берем
А бирок алыстагым келбейт сенден.
Үмүтүң мага деген билгим келет,
Эмнени күттүң экен билбейм менден,
Дагы эле алыстагым келбейт сенден.

*04.07.2009. Бишкек*

## СУЛУУЛАР КОНКУРСУНДАГЫ ТААНЫШУУ

Бирдин айы менин күнүм,
9унда төрөлгөм.
Апакемдин эмип сүтүн,
Ак бешикке бөлөнгөм.
Мен Шахризада Алтымыш кызы
Төрөлгөмүн балык жылы Жашым 10до.
Боломун мугалим чоңойгондо
Мүнөзүм шайыр, пейлим кенен.
Окуймун «4» жана «5» баалар менен,
Билим алып канат байлап учсам дагы,
Сыймыктанам эже-агайлар сиздер менен
Жылдызым менин Суупери,
Болгум келет сулуу пери.
Бүгүнкү майрамыңыздар менен
Куттуктаймын сиздерди.

*06.03.2010.*

## БИР СЕН ҮЧҮН

Капысынан мең сүйүүгө жолуктум,
Бул сүйүүгө неге мынча оолуктум.
Тун сүйүүдөн көңүл калуу болбосун,
Жүрөк сүйгөн бир адамга жолуктум.

Эмне мынча бул сүйүүгө оолуктум,
Жүрөк сүйгөн адамыма жолуктум.
Сүйүүм менин ушунчалык күчтүүбү?
Бир сен үчүн жүрөк канап оорудум.

Бул сүйүүгө эмне мынча ачылам,
Бир сен үчүн эмнегедир чачылам.
Эрте-кечпи бир жаңылдым жашоодо,
Мен баары бир бир өзүңдү сагынам.

*12.12.2010.*

### *Иса орто мектебин 1990-жылы бүтүрүүчүлөрүнүн 20 жылдык маарекесинде*

**БОРБОЛДАЕВА АНАРАГА**

Анара биздин дүкөнчү,
Ачабы бүгүн дүкөндү?
Беш-Көлдүн тузун таталы,
Беш күнчө көңүл ачалы.

**ЧОТКАРАЕВ КАМИЛГЕ**

Бала кезде юрист болу тилеги,
Тилегине бүгүн жетип жүрөбү?
Камил десе өзүбек деп ойлобо,
Кыргыз үчүн согот Камил жүрөгү.

**ЖУНУШАЛИЕВА НАЗИГЕ**

Эң жакшы баалар менен бүткөн элең,
Эң жакын жерден турмуш күткөн элең.
А бирок шаарлап туруп калган менен,
Бул кечеге келет деп күткөн элем.

## ЖАҢЫ ЖЫЛДЫК АРНОО

Мынакей күндөр өтүп айлар өтүп,
Оолактап билинбеген жылдар өтүп.
Кош айтып эски жылды узаталык,
Тосолу жаңы жылды көңүл бөлүп.

Жаңы жылым бакыт ала келсинчи,
Бакыт менен бирге ыйман берсинчи.
Бакыт, ыйман, ырыс-кешик бир болуп,
Кыргыз элим кыйындыкты жеңсинчи.

Жаңы жылда жаңы бакыт, жаңы күү,
Баардыгын тең биз жаңыча кылалык.
Жаңы жылым кирип келди жылмайып,
Ыр-күлкүгө балкып чогуу туралык.

Сага арналат ыр-күүлөрдүн баардыгы,
Ырдап, бийлеп, көңүл ачкын замандаш.
Ушул жылы ыр күлкүдө жүрөлүк,
Урмат кылып элиң менен амандаш.

Кыргыз элим көйгөйлөрдөн арылаар,
Бар болгула улуу-кичүү, карылар.
Кубанычта кучак жайып тосолу,
Куттуу болсун балык – жаңы жылыңар!

*29.12.2012.*

## ТАСМАБЕКОВА КАНЫКЕЙГЕ

Мектепте активиска боло турган,
Биз үчүн ашын жерге коё турган.
Арадан айлар жылдар өтсө дагы,
Бул күнү бөксө жериң толо турган.

## НУРЖАН-БЕКЖАНГА

Окуй турган эгиздер бир класста,
Бири чыкса, бири кирип класска.
Айырмасын биле албай калчубуз,
Экөөсү тең кирип келсе класска.
А бирөөсү жоош эле башынан
А бирөөсү тентек эле жашынан.
Айырмасын биз ошондо билгенбиз,
А болбосо айырма жок кашынан.

## ЧОКОМБАЕВ БАКЫТКА

Усталык өнөр сенде бар,
Сенчелик өнөр кимде бар?
Эмгектен тапкан бакыт деп,
Эл оозунда кеп калаар.

**КУТТУКТОО**

Дал ушул күн канча жыл мурун болгон,
Анда да кубанычка койнуң толгон.
Кубанычты тең бөлүшүп ата-эне,
Анарбек деп атыңды атам койгон.

Андан бери канча өттү күнүңүз,
Оорубастан ден соолукта жүрүңүз.
Куттук айтып каалоо арнайм ыр менен,
Куттуу болсун сиздин туулган күнүңүз!

*10.01. 2012.*

## ЫСЫК-КӨЛ

Кимдер барбайт Ысык-Көлдү сагынып,
Кимдер барбайт Ысык-Көлгө агылып.
Канча адамды кучагына батырган,
Ысык-Көлүм пейлиң кенен ачылып.

Ак чардактар кайкып учуп талпынып,
Толкундары жээке урунуп тартылып.
Күндүн нуру шоола чачып турганда,
Гүлдөр кошо күлүмсүрөйт ачылып.

Акын жазып ырга айланган Ысык-Көл,
Обон салып обологон Ысык-Көл.
Кээде толкуп көбүк чачып турасың,
Кээде тынчып созолонгон Ысык-Көл.

Асман менен өңдөш болгон Ысык-Көл,
Аалам менен теңдеш болгон Ысык-Көл.
Кылым санап кылымдардан келаткан,
Кыргыз элим сыймыктанган Ысык-Көл.

*17.03.2013.*

## КОМАНДАЛЫК САЛАМДАШУУЛАР «ЖАШТЫК КОМАНДАСЫ»

Жалындап турган жаштык учурду биз,
Жалтанып тоскоолдорго алдырбайлы.
Оболу саламдашып алалычы,
Оо жаштык токтой турчу шашылбайлы.

Ак сүйлөп адал иштеп ташкындайлы,
Жаштыкты ара жолго калтырбайлы.
Кийинки келечектин муундарына,
Сөз болуп атка камчы салдырбайлы.

Ар бир кесип ээси бар ар бир жашта,
Кана жаштык тартынбагын кадам ташта.
Элиңе эмгек менен сен таанылып,
Ар бир жашты алга үндө алга башта.

Үлгү алып умтулалы улуулардан,
Бата алып, алкыш алып карылардан.
Ызааттап кичүүлөрдү биз сыйлайлы,
Жаштарга түрткү болуп азыртадан.

Баш ийип, көнүп каада-салтыңарга,
Салам айтат жашыңарга, карыңарга.
Жаштыктын демин алып жаткан азыр,
«Жаштыктын» командасы алдыңарда.

## «КЕЛЕЧЕК» КОМАНДАСЫ

Келечегиң кең болсун дейм, замандаш,
Элим менен журтум менен амандаш.
Келечектин командасы сиздерге,
Салам айтат кабыл алгын атаандаш.

Убакытка уттуруп биз өмүрдү,
Убарадан убайымды тартпайлы.
Улуу-кичүү дебестен салам айтып,
Учурашып убакытты сарптайлы.

Келечектин муундарына жол салып,
Жалкоолукту азыртадан таштайлы.
Салам айтып күйөрманга, калыска,
Шашылбастан конкурс шартын баштайлы.

Баш ийип, салам айтып калыстарга,
Эне-бала келишти жарыштарга.
Өнөрдү тартуу кылып биз берели,
Алдырбай куру бекер намыстарга.

*29.08.2012.*

## «МУРАС КОМАНДАСЫ»

Урпактардан өрнөк болуп тактальш,
Бабалардан Мурас калган сакталып.
Келечектин муундары кеңешип,
Командабыз Мурас болду жакталып.

Муундардан муундарга таралган,
Мурас болуп белек-бечкек каралган.
Бар-бар ыйлап бала мурас төрөлүп,
Бала аты Мурас болуп жаралган.

Улуулардан Мурас алып калалы,
Келечекке мурас менен баралы.
Салам айтып Мурас командасынан,
Саламдашып алик алып алалы.
Атаандашка биз намысты алдырбай,
Аларга да Мурас болуп калалы.

*30.04.2012.*

## КЫРГЫЗЫМ ЖАНА ЧЫҢГЫЗЫМ

Булбул сайрап, бүркүт учуп көктөмдө,
Чырпык тиксең чынар болуп өскөндө.
Кыргызымдан Чыңгыз чыкты таанылып,
Кызгалдактар кыр-кырларда өскөндө.

Уул төрөлсө Чыңгыз аты аталып,
Чыгармадан чыгармалар жаралып.
Чыңгыз менен кыргыз кошо кеткен дейт,
Даңазасы ай-ааламга таралып.

Асмандагы жылдыз сымал Чыңгызым,
Бир жалт этип өчтү кайра жылдызың.
Өскөн чынар терегиң кыйылдыбы,
Өксүй калды эмнегедир кыргызың.

Өксүп такыр томсорбогун кыргызым,
Көтөр башты жанат кайра жылдызың.
Чыңгыз өлсө, аты өлгөн жок артында,
Калды канча чыгармасы Чыңгыздын.
Көтөр башты, томсорбогун Кыргызым!

*15.04.2008.*

**КУТТУКТООЛОР! АРНОО ЫРЛАР**

Поезия мен сен үчүн жаралгам,
Болсун мейли кийимим айрык жамалган.
Бул өмүргө мен сен үчүн келгендей,
Талыкпастан ыр жазуудан тажабайм.

Айзада эже, ден соолукту каалайм сизге,
Тилегиңиз тосколдуксуз орундалсын.
Ыр майрамда көңүлүңүз ылдый чөкпөй,
Кайгы-капа сизден узак алыстасын.

Поезия кече акынга улуу майрам,
Поезия кече акынга сулуу майрам.
Акындарга улуу майрам тартуулаган,
Айзада эже сизге бакыт-таалай каалайм.

Акындардын жүрөгү назик болот,
Жан дүйнөсү ырларга толуп турат.
Сиздин жазган ар бир ыр саптарыңыз
Ар адамдын жүрөгүнөн орун алат.

*Жанболот кызы Айжан. 5-класс.*

*06.04.2012.*

* * *

Калем сапты кыса кармайсыз,
Ушундан эми жазбаңыз.
Батасын элдин алыңыз,
Барактап ырлар жазыңыз,
Талыкпай эмгек кылыңыз,
Далайга жетсин даңкыңыз.

*Сыргак кызы Асел*
*20.04.2012.*

* * *

Жазмалык өнөр кимде бар,
Жаш калемгер бизде бар.
Жаш үй-бүлө болсо да,
Жазмалык өнөр сизде бар.

*Айыл өкмөт жамааты.*
*18.05.2012.*

* * *

Комузун кармап колуна
Ырдап бир калат созула.
Мелдештен дайым калбайсыз,
Сыйлыктын жазсын чоңуна.
Коомдук иштен калбайт деп,
Колдосо болмок кызматка.

*Мугалимдер жамааты.*
*29.01.2012.*

## ЭЖЕЙГЕ

Эжеке аман болуп эл ичинде,
Эмгектенип жетиңиз эрезеге.
Өнөргө өмүр бою байланып сиз,
Үлгүлүү кылып сизди келебиз биз.

Элибиз сизди сыйлап турган чакта,
Жашаңыз узак-узак өмүр сүрүп.
Келесиз ар дайым калем кармап,
Ырлар менен көңүлгө көңүл түрүп.

Айзада эже, калемиңиз курчуй берсин,
Биз үчүн сиздин ырлар эргүү берсин
Бизге окшогон окуучулар
Артыңыздан сабаалап ээрчий берсин.

*Дүйшөбаева Асел. 06.04.2012*

## ЫР ДЕСТЕМДИ КАБЫЛ АЛ

*(Кыргыз радиосунун 80 жылдык маарекесине)*

Сенден угам ыр-күүлөрдүн баарысын,
Сенден угам жаңылыктын жарчысын.
Сенден алам ырыхатты негедир,
Сенден айтам алыстарга сагынычым.

Сезим козгоп ак сүйүүдөн бересиң,
Сен жана мен маек куруп келесиң.
Чымын жаны чыркыраган чындыкты,
Чын-төгүнүн саат сайын жеңесиң.

Бөбөк үчүн болот сенин жомогуң,
Бөбөктөр да күндө сенин коногуң.
Тоо койнунда кой кайтарган койчунун,
Тоо жаңырткан эрмеги сен болосуң.

Байланышка күндө дайым чыгамын,
Кубанычка күндо толкуп турамын.
Кыргыз Радиосу
Силерди дайым угамын.

Алгалай бер, ырыс-кешик кут консун,
Асманыңда жылдыз жайнап жык толсун.
Сага арналган ыр дестемди кабыл ал,
80 жылдык маарекеңер кут болсун!

*15.04.2012.*

## КЫМБАТТУУ КЛАССТАШТАР!

**Мен сиздерге алгач**
**арноо ырларымды жазардан**
**мурун 20 жылдык маарекеңер**
**менен куттуктайм!**

**Сиздерге чың ден соолук,**
**узун өмүр, үй-бүлөлүк ынтымак**
**жана сый-урматка татыктуу**
**алдыңкы жаштардан**
**болушуңарды ак ниетимден**
**каалайм.**

**Дагы бир жолу**
**Маарекеңер кут болсун.**

## РЫСКУЛ УУЛУ АЛТЫНБЕК

*(Экономист)*

Кулачыңды жайып алга канат кер,
Биздин бала депутаттыка талапкер.
Бул кечеде эмгектериң тек калбайт,
Маңдайыңдан бир биз үчүн тамат тер.
Атка камчы салдырбаган бул бала,
Экономика жагынан да тың бала.

## КҮЙКЕЕВА АНАРА

Кыңылдап ырдап ичинен,
Кем калбайт эч бир кишиден.
Бою эле пастык кылбаса,
Бой салбайт эч бир кишиге.
Жигиттер ойлоп калбасын,
20да да кыз деп ичинен.
Көзмончок тагып койсокпу,
Көз тийип калса кишиден.

## ЧОКМОРОВА ЭЛМИРА

*(Артистка)*

Куурчактай боуп кийинип,
Куурчак кыз турса сүйүнүп.
Элмира келди кечеге,

Куурчакка жанды киргизип.
Эл менен өзүң саламдаш,
Эңкейип койчу ийилип.

## ЖОЛДОШОВ ЖООДАР

***(Беш баланын мээримдүү атасы)***

Кудайым берген экен шыңга бойду,
Кудайга миң мертебе ыраа болду.
Алган жар куп өзүнө жарашкансып,
Акылдуу бир өзүнө туура болду.
Беш балага мэримдүү ата болду,
Балдары 2, 3 жаштан удаа болду.

## ЧАЛГЫНБАЕВ КЫШТОО

***(Юрист)***

Бала кезде токтоо эле мүнөзү,
Юрист болуу бала кезде тилеги.
Эл-жерине ак эмгектен иш кылып,
Тилегине бүгүн жетип жүрөбү?
Ата-энең, бир туугандар сен менен,
Сыймык артып биз да кошо жүрөлү.

## УЛАН МЫРЗАГЕЛДИЕВ

***(Кош жылдыздар)***

Кош жылдыз жанса асманда,
Жерде жанат турбайбы,
Жыргалды бүгүн куттуктап,
Койбосок кудай урбайбы.
Уланда болгон маараке,
Жыргалда дагы турбайбы.
Куттуктап колду чабалы,
Кудайым берсе мындайды.

## МЕЙМАНОВА ЖАНАР

***(Экономист)***

Жанар кыз биздин сары алтын,
Турганы турпат баары алтын.
Кудагый кылып алсаңар,
Кудаңар өзү нак алтын.
Кесиби айтып тургандай
Эконом жактан дагы алтын.

## ЖОЛДОШОВА ШАРАПАТКА

***(Шайыр кыз)***

Күлгөндө жарпың жазылат,
Күн тийген гүлдөй ачылат.
Колунда болсо карасаң,
Кой десең болбой чачылат.
Шарактап шайыр мүнөзү
Шарапат ачык кыз өзү.

## ЖУМАБАЕВА НУРГҮЛ

***(Тигүүчү)***

Көрүнбөй марал, кийиктей,
Көлдүк кыз болдуң билинбей.
Колунан көөрү төгүлүп,
Тигүүчү экен билинбей.
Эненин наркын тартыптыр,
Цех ачып алсаң артыктыр.

## КАСЫМАЛИЕВ ТУРАР

*(Туулган күн ээси)*

Туурасын айтсам чын экен,
Турардын туулган күнү экен.
Кут болсун анда, классташ,
Сен үчүн кадыр түн экен.
Гүл дагы болсо алып кой
Көңүлдүн назы гүл экен.

## АНЖАНБАЕВ ЖООДАР

Жоодурап көздөр карашкан,
Жоодарды кыздар талашкан.
Өмүрлүк жарым болсо деп,
Өзгөчө кыздар самашкан.
Алган жар сага буйруптур,
Аялы болот Алайдан.

## ЖУНУШАЛИЕВА АЙЗАДА

*(Акын)*

Жайма-жай, аста басасың,
Жамактап ырлар жазасың.
Комузуң кармап колуңа,
Кош өнөр менен жашасын.
Кудайым берген кош өнөр,
Кош колдоп берсин батасын.

## МУХАММАДИН УУЛУ АЛМАЗ

*(Таксист)*

Ошондо эле toktoo мүнөз бала эле,
Балалыктын дээринде бар эле.
Чоңойгондо таксист болом деп айтчу,
Супер таксист Алмаз болду бат эле.

## САТАРОВ МААДАНБЕК

*(Уста)*

Колунан көөрү төгүлүп,
Мааданбек турат көрүнүп.
Сезимтал сергек бала эле,
Суворов жакка көрүнүп,
Узатып анда барганбыз
Келгенде тосуп алганбыз.

## ТИЛЕБАЛДИЕВА РОЗА

Гүлдөрдүн ханышасы Роза болсо,
Кыздардын ханышасы бизде да бар.
Улуусу, сулуусу деп айтсак болот,
Анткени күйөө бала – улуураак ал.
Белекке «живой» роза тартуу кылсак,
А Белек бизге «любой» кызмат кылат.

## КАРАБАЕВ АНАРБЕК

Анарбек сулуу каранын,
Жары да сулуу баланын.
Агынан эмес багынан,
Макалды кантип танасың.
Анарбек уулдун бактысы,
Көлдүн бир сулуу ак куусу.

## АТТОКУРОВ САНЧОРО

Кырк чоронун бири, келди бул кечеге,
Чоролордун Санчоросу боло турган.
Билинбей айлар жылдар өтсө дагы,
Бул күнү бөксө жериң толо турган
Убагында активист бала эле,
Биз үчүн ашын жерге коё турган.

## КАДЫРЖАНОВА ЖАҢЫЛ

Жаңылмач айтсаң жаңылбай,
Ким сүйлөй алат Жаңылдай.
Сүйлөсө сөзү калемпир,
Кечеге келди таанылбай.
Туура эмес айтсам кечиргин,
Тамаша сөзгө таарынбай.

**КАДЫРКУЛОВ НАРЫНБЕК**

Толкуп ташып дайрасындай Нарындын,
Болсо экен деп тилеп койгон атыңды.
Бирок неге толкубайсың, ташпайсың,
Качан көрсөм минип алып атыңды
Күлүп коюп бир калыптан жазбайсың.
Тоолук жигит бээ байлаптыр деп угам,
Тоолоп барсак «облом» кылып качпайсың.

**МЫРЗАКУЛОВ АЙБЕК**

Мал менен болуп турмушуң,
Фермерлик кылып турасың.
Өрнөктөн келдиң жол ашып,
Өзгөчө майрам курасың.
Өкүнбөйсүң, классташ, келгениңде,
Ыр-күлкү, шаңга тунасың.

**ТИЛЕНБЕКОВ УРМАТ**

Дөөтүң колдоп эл уулу болуп жүрө бер,
Ден соолук каалайм, узакка өмүр сүрө бер.
Жаштыктын доорун жакшылап карма өкүнбө,
Сүйгөн жар болсо сүйдүрүп аны жүрө бер.
Классташ балдар толуктап турсун катарың,
Кай жерде болсо байсалдуу болсун сапарың!

## НУКЕНОВ РАПИЛМАЛИК

Жалал-Абад жолу ачылса,
Жаңгактар мында чачылса.
Атайын келди кечеге,
Рапилмалик алыстан.
Базарлык толо баштыкта,
Буйурса жейбиз шашылба.

## АБДЫЖАПАРОВА НАЗБҮ

***(Башталгыч класс мугалими)***

Балалыктын балдай даамын татып биз,
Бал жыттанып гүлгө конуп турганда.
Кучагына жайып бизди тосуп алган,
Биз мектепке кадам коюп барганда.
Ошондогу эстен кеткис балалык
Кантип сизди биз унутуп калалык.

## СУБОГОЖОЕВА МУСЛИМА

***(Англис тили мугалими)***

Өзгөчө сизди сүйөбүз,
Өзгөрбөй дале жүрөсүз.
Өзгөчө тилди үйрөткөн,
Өзгөчө аты бар эже
Субагожоева Муслима,
Кечеде сизди күтөбүз.

## АБДРАХМАНОВА БАЗАРКҮЛ

***(Орус тили мугалими)***

Орус тил сабак сиз берип,
Онтолоп жоопту биз берип.
Ошондо бала кыялдар,
Ох, чиркин, кандай эстелик.
Сүйлөгөн сөзү, күлгөнү,
Кыргыйдай дале жүргөнү.
Сиз берген билим-тарбия,
Биз үчүн турмуш түнөгү.

## ЭРМЕНДИРОВА СЫЙБУ

***(Башталгыч класс мугалими)***

Сыймыкты артып биз менен,
Турунуз, эже, кечеде.
Келишти мына уул-кыздар,
Кетишкен бүтүп кечээ эле.
Баш ийип таазим кылабыз,
Баарыбыз Сыйбү эжеге!



* * *

Мынакей болду жаңылык,
Мектептин көркү жаңырып.
Куттуктап мында биз келдик,
Өтсө да жылдар агылып.
Билимди алып ичинен,
Бөбөктөр чыксын талпынып.

Болбос эле адам болуш бир күндө,
Алиппеден «А» тамгасын үйрөнбөй.
Сиздерге ал кыш келечекке жол салган,
Биз эр жеттик мына сиздер күткөндөй.

Кел, классташ, келгин көңүл ачалы,
Көөдөндөгү кусалыкты жазалы.
Бирге окуган окуучулук күндөрдү,
Бирге эстеп, эстеп черди жазалы.

Дал ушул күн 20 жыл мурун болгон,
Анда бирок коштошуунун күнү болгон.
Айрадан айлар-жылдар өтсө дагы,
Коңгуроонун үнү дале ошол бойдон.

Биз турабыз классташтар чогулуп,
10 жыл бирге ойноп-күлүп окудук.
Алган билим түрткү болуп дем болуп,
Ар бир кесип ээси болуп олтурдук.

Бизде ким бар? Дарыгер бар, артист бар,
Депутат бар, юриси бар, таксист бар.
Акыны бар аз да болсо таанымал,
Таене бар, неберебиз дагы бар.
Айта кетсек келбей калган арада,
Мугалим бар, бизнесмен бар баары бар.

Эже-агайга таазим этип турабыз,
Бүгүн майрам сиздер менен курабыз.
Ыр дестени кабыл алып койгула,
Сиздер үчүн ыр жаңырат сунабыз!

*10.05.2013*

## ЭСКЕРҮҮ МИНУТАСЫ

Биз турабыз эскерүүгө мүнөт берип,
Арабыздан Султанбек, Гүлзат кетип.
Сьезбекти кантип айтпай коё алабыз,
Айбектин шайырдыгын айталабыз.
Сурандын адамгерчил сапатычы,
Баардыгы бул дүйнөдө кайталангыс.

Жамынып жатасыңар кара түндү,
Көрсөңөр болбос беле ушул күндү.
Шум ажал улук тура баарысынан,
Шейит кеткен классташтар бизди күттү.

***Ушул ыр саптарын силердин арбагыңарга багыштадым.***

*12.05.2013.*

## КЫЗЫЛ КИЛЕМ

Сересине чыгып алып шаттыктын,
Серпилели канат күүлөп талпына.
Сезимталдуу лидерликти чакырып,
Сиздер үчүн «Кызыл килем» алдыда.

Мугалим бар, ардактуусу алдыда,
Бар ырчысы, спортсмени, күчтүүсү.
Жаш акын бар, актёру бар – баары бар,
Айта берсең өтөт мында түрдүүсү.

## АПАМДЫН ӨНӨРҮ

Апакемди жандан артык көрөмүн,
Эл алдында көрүп апам өнөрүн.
Жардам берип кичинеден үйрөнөм,
Өнөрүнө байыр алып көнөмүн.



## КЫРГЫЗ БИЙГЕ

Биздин кыздар кымча белдүү келишет,
Ак куу сымал учуп, канат керишет.
Кыргыз бийин тартуу кылып сиздерге,
Биздин кыздар азыр бийлеп беришет.

## ДУЕТ

Айылымды бүгүн эскерип,
Үн коштоп азыр ырдашат.
Апасы менен баласын,
Калыстар өзү сындашат.

**ЖАШ АКЫНГА**

Сенин азыр өсө турган жаш чагың,
Сөз байлыгың кенен кезде баштагын.
Аянбагын, тартынбагын эч качан,
Арышыңды кенен-кенен таштагын.
Далай сындар сага айтылат көтөргүн,
Сен ошондо «акын» болуп өсөөрсүң.

## ОШОЛ КҮНДӨР КЕЛСЕ КАНА ЭРТЕРЭЭК

Уктабай сени күтүп олтурамын,
Сен келсең кубанычта толкуудамын.
А бирок келбей калсаң кокусунан,
Көз жашым жүрөгүмө толтурамын.

Жаным менин жакшы жатып жай тургунуң,
Түш көргөндө мен деп сайран кургунуң.
Мен да түштө сени көрүп жатайын,
Жолуканда сүйүү гүлүн сунгунуң,
Мен ошондо бир арбалып алайын,
Ойгонгондо сендик болуп калайын.

Уктап жатсаң түшүңө кирип койсом,
Кандай уктап жатканыңды билип койсом.
Уктап жаткан көзүңдөн сүйүп койсом,
Сүйөөрүңдү көзүңдөн билип койсом.
Кечир жаным уйкуңду бузуп койсом.

Биз жолукчу күн бар го дейм, ардагым,
Билбейм кудай кайсы күндү арнады.
Үмүт менен жашап турсак бир азга,
Унуткарып убайымга салбагын.

Жолукканда шашып барсам эркелеп,
Жолдон, жаным, тосуп алсаң энтелеп.

Көргөн көзгө ишеналбай биз турсак,
Ошол күндөр келсе кана эртерээк.

Кымбаттуум, коңур үнүң уккум келет,
Куш болуп сени карай учкум келет.
Айтылбай ичте сырлар калса мейли,
Атыңды жүрөгүмө туткум келет.

А бирок тоскоолдуктар болуп турса,
А көрөк уудан ичип, жуткум келет.
Жараткан соң бул дүйнөгө бир жолу,
Жараткан неге бизге сыноо берет.

Бир кудайым оң көз менен карасын,
Ашыктыктын ырбап барат жарасы.
Бир мен менен болсоң гана Авазым,
Бир сен үчүн табам сүйүү дабасын.

Күндөр өтүп биз жолугаар күн келип,
Кудай бизге убакытты бир берип.
Ишен, жаным, бир кудайдын барына,
Бир болсун деп айлуу жарык түн берип.
Ошол күндөр келди мына, ардагым,
Биз жолугар күн бар го – деп айтканмын!

*24.10.2013.*

## МЕН КУДАЙДАН СУРАЙМЫН

Биз жаралдык бул дүйнөгө бир келип,
Конок сымал бир келип да, бир кетип.
Жашоо үчүн күрөшөбүз адамзат,
Жеталбаган максаттарга биз жетип.

Бирок аалам карап турсаң тар дүйнө,
Бирөөгө бар, бирөөгө жок зар дүйнө.
Болбосунчу эч убакта адамдар,
Бир-бирине заарын чачкан каар дүйнө.

Болбосунчу эч убакта жамандык,
Бирибизге тилейличи амандык.
Бөөдө кырсык, бейажалдан сак болсун,
Бейкүнөөгө барып неге такалдык.

Маанайыңды аз да болсо көтөрөм,
Майыпмын деп арданбагын кемсинбе.
Билем сенин ниетиң ак таптаза,
Бир кудайым узун өмүр берсинде.

Мейли бай бол, мейли кедей-жакыр бол,
Мейли мунжу, мейли дүлөй, сокур бол.
Бирок сенин ниетиң ак жаралган,
Бир кудайдан жаралган деп шүгүр бол.

Аттиң дебей жашын дагы карысын,
Ажал деген алып тынат баарысын.
Берсе эгер сураар элем кудайдан,
Берчи бир аз өлбөстүктүн дарысын.

Пешенеге жазат экен кудайым,
Бирок такыр тарта бербе убайым.
Сени менен бүгүн майрам бир болот,
Соккон жүрөк токтобосун ылайым,
Мен кудайдан бир ушуну сураймын.

*14.11.2013.*

## АМАН БОЛ

***(Уулум Марлиске)***

Балам менин бал жыттанган гүлазык,
Балтыр бешик терметемин түн ашып.
Кас-кас бассаң, кадам шилтеп алдыга,
Карбаластайм жыгылат деп мен шашып.

Келечегиң кең болсун деп тилеймин,
Келчи менин кучагыма берекем.
Кыса-кыса кучактайын өбөйүн,
Кудуреттен тилек сурайт энекең.

Чоңойгондо ким болосуң?
Албетте зор адам бол!
Мейли ким бол, ыймандуу бол, сылык бол!?
Бирок, балам, максатыңа жетсең дейм,
Айга колуң жетпесе да аман бол!
Чыйыр жолду өзүң салып кетсең дейм.

*25.07.1999.*

**АТАЛАР**

Сен төрөлсөң азан айтат атакең,
Мен төрөлсөм атым койгон атакем.
Биз болобуз аталардын уул-кызы,
Ата деген аска-зоолу күчкө тең.

Менин атам болот элдик депутат,
Атаң сенин бул мектепте мугалим.
Баарыбыздын атабыз тең өнөрлүү,
Кана айтчы тең келе алат буга ким?

Ата жолун улап кетсин уул бала,
Эне наркын тарта билсин кыз бала,
Биз аркылуу сыймыктанып турушсун,
Ата-энелер, мугалимдер кубана.

*18.09.2013.*

## А СЕН КАЧАН АЙТАСЫҢ?

Көптөн бери жолукпадык сагындым,
Айтчы, жаным, сен эмнеге таарындың.
Ойлонуп көпкө жатым санааркадым,
Ойдо жокто жолугаар деп жалындым.

Ойлорум бир өзүң деп камалганда,
Көргөндө көздөр-көзгө кадалганда.
Арбалып апкаарыдым сүйлөй албай,
Алдымда досуң менен бараткaнда.

Уктабай ойго батып кыйналамын,
Өткөндү эстеп алып жылмайамын.
Түйшөлүп түн уйкуга батып кетсем,
Түшүмө кирип дагы кыйналтасың.

Сен мени ойлойсуңбу айтчы деги?
Сезимиң билдирсеңчи айтып нени.
Сен үчүн жазган ырым ушул болсун,
Билдирип сүйөөрүмдү ырдан сени.

А сен качан айтасың сагындым деп?
Мен да уктабай махабатка жалындым деп.
Мейли, мейли айтпагын, сагынбагын,
А мен айтам, айталам ар убакта,
Жаным, сени сүйөмүн, сагындым деп!

*24.07.2013. Дөдөмөл айылы.*

## МАХАБАТ КАЙЫГЫ

Махабат гүлүн бирге терсек дегем,
Кол кармашып гүл аралап жүрсөк дегем.
Ошол гүлдөн белек кылып бир өзүңө,
Сүйүүмдү кошо арнап берсем дегем.

Махабат көлүн бирге кечсек дегем,
Ак куудай кошо канат керсек дегем.
Тамчыдан мончок кылып бир өзүңө,
Мончоктой сүйүүмдү арнап берсем дегем.

Махабат кайыгына түшсөк дегем,
Кайыкты бирге айдап жүрсөк дегем.
А бирок сен түшпөдүң эмнегедир,
Түбөлүк бирге өмүр сүрсөк дегем.

А бирок сен түшпөдүң эмнегедир,
Махабат кайыгына
Айтчы деги эмне күнөө?
Чыдайын бир өзүңдүн айыбыңа.

Суранам түшчү бирге,
Мен айдаган махабат кайыгына.
Жоопсуз мени калтырып кете бердиң,
Окшошуп башка жандын зайыбына!

*14.07.2013.*

## АПАМДЫН ЖАРЫШЫ

Ордунан туруп жүгүнүп,
Оболу айтам саламды.
Эзелтен бери келаткан,
Энелер айтат саламды.

Атаандаш чыкса жарышка,
Алдырбай куру намыска.
Алдыга оозуп чыгайын,
Апаңар бүгүн жарышта.

Эне-тил менен адабият,
Кошулуп үчөө Маданият
Жүктөрүн артып келатам,
Жүрөгүм толо Руханият.

Кыйла жол бастым канчалап,
Кутмандуу жашты аркалап.
Кудайга шүгүр дегеним,
Кыз-уулду күттүм чалкалап.
Бүгүнкү болгон майрамым,
Мен үчүн бул салтанат!

**МИМОЗАГА**

Оомат келип мен жарыкка келген күнүм,
Оозанып эне сүтүн эмген күнүм.
Кубанычтан ата энем сүйүнүшүп,
Кудайым берген дешет «Мимоза» гүлүн.

Гүлгө окшоп кулпунамын өсүп дайым,
Пейилим кенен, шайыр кээде сузмун.
А бирок назик мүнөз бойдон эле
Үч уулдун ортосунда эрке кызмын.

Ата-энем гүл тамыры болсо эгер,
Бутагы, жалбырагы бир тууган дейм.
«Мимоза» гүлгө теңеп менин атым
Гүлгө окшоп назик сулуу болсун деген.

Окуудан талбай келем билим алып,
Билимди ийне менен терең казып.
Алкыш айтам эже-агайга ыраазымын,
Андан кийин атаандашка жолду ачып.

Ааламга жарык чачкан Айым сулуу,
Ага теңдеш тийип турган Күнүм сулуу.
Бүгүнкү жакшы күндү тосуп турган,
Аял сулуу, аалам сулуу, Апам сулуу!

*24.04.2013.*

## КҮТҮҮ

***(Кытайлык кыргыздардын обону менен)***

Көрсөм дейм бир өзүңдү сагынып,
Көрүүгө болом мен ашыгып.
Элестейм өзүм бир сени,
Эмнеден[3] калдым мен жаңылып[2].

Ардагым, күтөм мен өзүңдү,
Айтсам дейм жүрөктөгү сөзүмдү.
Качпасаң менден жашынып,
Айтайын[3] мен аты-жөнүмдү[2].

Жаштыгым ай, өтүп баратат,
Жалындуу сүйүүм өчүп баратат.
Алыста калдым көрүнөт,
Арман ай[3] мен кетип баратам[2].

*05.09.1996*

### КЛАССТАШТАР ЧОГУЛАЛЫ КЕЧЕГЕ

Бүгүн майрам, кездешүүнүн майрамы,
Көтөрүлсүн маанай-көңүл жайдары.
Классташтар, бүгүн көңүл ачалы,
Алыс кетсин таарынычтар кайдагы.

Бүгүн майрам, балалыктын майрамы,
Болсун бүгүн көңүл ачык, жайдары.
Балалыктын балдай даамын бир татып,
Балалыкка бүгүн барып кайталы.

Турмуш жолун аттаганбыз баарыбыз,
Ыр-күлкүгө толсун бүгүн шаңыбыз.
Классташтар, бир бололу кечеде,
Бул кечени бир тосолу жалпыбыз,
Кел, классташ, келип көңүл ачыңыз.

*10.05.2013.*

## ЫРЛАРЫМ БАР

Мен таарынам,
Бирок кимге?
Жок! Сага эмес – тагдырга.
Маңдайыма жазган ушул тагдырды,
Таарынсам да, өмүр сүрүп келемин,
Тайгак жолдо баратамын, ансыз да.

Мен капамын,
Азыр дагы капамын.
Бирок билбейм. Кимге айтып жатамын?
Эч кимге айтпайм, көкүрөктө бугумду,
Эмнегедир жүрөккө бек катамын.

Мен ойлоном, күнбү-түнбү билбеймин,
Кээде өзүмдү жек көрөмүн, тилдеймин.
Жаралдыңбы бул дүйнөгө жан болуп,
Ачыл-төгүл, эл оозуна кир деймин.

Жок таарынбайм, айтам ырга бугумду,
Ырларга артам, мындан кийин сугумду.
Калемимди курчутамын ыр менен,
Ак баракка ырлар жазам жугумдуу.

Болду эми, капаланбайм, таарынбайм,
Мен жөн эле ырга жазып жатамын.
Мейли мени баалабагын, барктаба,

Ырларым бар, мен бактылуу аялмын.
Эмне десең бардыгына даярмын!

*18.10.2013.*

## МЕЗГИЛДЕРГЕ БАГЫТ АЛЫП БАРАТАМ

Сыртка чыгып айлананы карасам,
Балдар-кыздар муз тебишкен чаначан.
Жаратылыш өз мезгилин тартуулайт,
Көз уялткан карды кечип баратам.

Бирок кайда багыт алып баратам?
Бет алдымдан жаз жыттанат карасам.
Жаратылыш өз мезгилин тартуулайт,
Жаз жыттанган жаз айлына баратам.

Жаштыгыма бир кылчайып жанатан,
Жаштык менден алыстады карасам.
Жайдан басып, кыялданып олтуруп,
Гүл жайнаган жай айлына баратам.

Күүгүм тартып, күндөр өтүп карасаң,
Күлүгүн чаап, кырктан өтүп баратам.
Күбүрөнүп келе жатып үйүмө,
Күз келгенин байкабапмын жанатан.
Жаз, Жай, Күз, Кыш мезгилдерге утурлап
Жарашыктуу ырлар жазам кааласам.

## ЭМИ БИЛДИМ

Апакеме абдан жакын жан элем,
Апакемдин мончоктору бар эле.
Кучагына кыса-кыса кучактап,
Көкүлүмдөн сылап алып –
Анан айткан алтын сөзү бар эле.

Кызым менин: Бактылуу бол, садагам!
Бул мончокту сага дагы арнагам.
Алтын башың аман болсун ар убак,
Деп айтканда, араң өзүн кармаган.

Мончок такса, моюнума апакем,
Менин анда сүйүнгөнүм айтпагын.
Бирок мага апакемдин,
Арык, кары колдору
Мончоктон да баалуу экенин айтамын.

Айла жок, тагдырыма башымды ийдим,
Турмуштун босогосун аттап кирдим.
Моюнумдагы мончогумду үзүп алдым,
Апакемдин үзүлгөнүн эми билдим.

*03.09.2013.*

## БАБАЛАР АЙТКАН МАКАЛДАР

«Кыздуу үйдө кыл жатпайт» дейт кыргызда,
Кызың сенин үй жыйнайбы чынында?
Модаланып, чачын жайып, көчөлөп,
Майда басып, кыска киет кышында.

Эзелки кептен баштасам,
«Энесин көрүп – кызын ал».
Ээ, койчу аны дедиртпей,
Ээ, кызым, муну угуп ал.

«Кызга кырк үйдөн тыюу»,
Кызга келет бир кезде сүйүү.
Алдырбай жаштыгыңа,
Айтканды жүрөккө түйүү.
«Кыз кылыгы менен» дешет,
Бирок кыздардын болот түрү.

Сен албетте «Жакшы кызсың –
Жакададагы бир кундузсуң»
«Кыз адеби – кымбат» делет,
Кыргызымда сулуу кызсың.

«Кыргызда кыздын аты улук,
Кыз сыйлабас макулук».
Бабалар айткан макалдар,
Баары бир калат айтылып.

*24.10.2013.*

## ЖАМГЫР, ЖАМГЫР ЖАЗДАГЫ

Жамгыр, жамгыр жааган сайын сергиймин,
Жаачы дагы, дагы жаачы төгүлүп.
Жаз жытына мас боломун эргиймин,
Жамалымды жамгырга мен өптүрүп.

Тээ качандыр эркелегем мен сага,
Сен төгүлсөң, жамгыр, менин мойнума.
Эске түштү балалыктын жамгыры,
Кубанычым батпай менин койнума.

Көңүлүмдү башка жакка бурсам да,
Сенде калган сезимдерим жүрөктө.
Жамгыр, жамгыр көнөктөп сен турганда,
Жазам ырлар таап алып түнөктөн,
Жамгыр, жамгыр жаз жыттанат бул көктөм.

*11.02.2014.*

**БАКТЫЛУУСУҢ, МУГАЛИМ**

Ардактап атадан да, энеден да,
Арачалап уяттан да, жемеден да.
Баласынан артык көрүп мээрим төккөн,
Бул ким өзү? Бул мугалим керемет жан.

Түбөлүк из калтырган сезимтал жан,
Түйшүктү түмөн тартып эбелек жан.
Сүйүүсүн балдарга арнап жүрөгүнөн,
Сүйүктүү бул мугалим керемет жан.

Ар бир аткан таңым сенсиң, мугалим,
Ата-энемдей жаным сенсиң, мугалим.
Бардыгына теңей келсем жарашат,
Бактылуусуң, бар бол дайым, мугалим!

*17.02.2014.*

## МАЗМУНУ

Апакем .......... 3
Тогуз-Тором баяны .......... 4
Жалпыңарга бир каалоо .......... 5
Айнурага .......... 6
Айданага .......... 7
Элиме таазим .......... 8
Группалашка .......... 9
Энекең сурайт кечирим .......... 10
Ак тилек .......... 11
Сүрөтчү балага .......... 12
Саналуу ырларымды калтырам .......... 13
Ыр менен узатып турамын .......... 14
Арбагың мени колдоп жүр .......... 15
Бир туугандык сагыныч .......... 16
Балдарыма бал тилек .......... 17
Мен кыргыздын кызымын .......... 18
Гүлдөр .......... 19
Салам мектеп .......... 20
Бактылуу бол .......... 21
Айылдагы береке .......... 22
Өтүнүч. .......... 23
Ачуу-таттуу аралаш .......... 24
Адам жашы .......... 25
Арак жана ден соолук .......... 26
Геологдун кыялы .......... 27
Менде эмне айып .......... 28
Жаңы жылдык ыр саптар .......... 30
Айтпачы сен .......... 31
Учкул сөздөр .......... 32
Төрт мезгилге төрт сап ыр .......... 33
Жан дүйнөм жаңырыгы .......... 34
Радио Миң Кыял .......... 35
Кыргыз Радиосу .......... 35
Абысындарга кайрылуу .......... 36

Күттүргөн сүйүү. ........................................ 37
Болбосом да эл акын ........................................ 38
Перзентим үчүн ........................................ 40
Аядым бир өзүңдү ........................................ 41
Мусаев Иличке ........................................ 42
Бусурманова Венерага ........................................ 42
Жаналиева Эсенканга ........................................ 42
Барктабасова Гүлнарага ........................................ 43
Чыйбылов Нурдинге ........................................ 43
Исакова Гүлзинага ........................................ 43
Будүрова Назирага ........................................ 43
Жолдошов Абайга ........................................ 44
Аязов Жээнбекке ........................................ 44
Ильязова Венерага ........................................ 44
Сыйбүгө ........................................ 44
Гүлайымга ........................................ 45

**Арноолор**

Султангазиев Алманга ........................................ 46
Исакова Мөөрканга ........................................ 46
Маметкулов Султангазыга ........................................ 47
Көчөрбаев Орозбекке ........................................ 47
Биримкулова Айнурага ........................................ 48
Базаркулова Букенге ........................................ 48
Тилим үчүн турамын намыска ........................................ 49
Жакишов Аманканга ........................................ 50
Уча берсин талпынып ........................................ 51
Куттуктайм 8-мартыңарды ........................................ 52

Кошок ыры ........................................ 53
Узатып карааныңды кала берем ........................................ 55
Сулуулар конкурсундагы таанышуу ........................................ 56
Бир сен үчүн ........................................ 57
Борболдаева Анарага ........................................ 58
Чоткараев Камилге ........................................ 58
Жунушалиева Назиге ........................................ 58

Жаңы жылдык арноо ........................................ 59
Тасмабекова Каныкейге ........................................ 60
Нуржан-Бекжанга ........................................ 60
Чокомбаев Бакытка ........................................ 60
Куттуктоо ........................................ 61
Ысык-Көл ........................................ 62

**Командалык саламдашуулар:**
«Жаштык командасы» ........................................ 63
«Келечек» командасы ........................................ 64
«Мурас командасы» ........................................ 65
Кыргызым жана Чыңгызым ........................................ 66

**Куттуктоолор! Арноо ырлар ........................................ 67**
Калем сапты кыса кармайсыз, ........................................ 68
Жазмалык өнөр кимде бар, ........................................ 68
Комузун кармап колуна ........................................ 69
Эжейге ........................................ 69
Ыр дестемди кабыл ал ........................................ 70
Рыскул уулу Алтынбек ........................................ 72
Күйкеева Анара ........................................ 72
Чокморова Элмира ........................................ 72
Жолдошов Жоодар ........................................ 73
Чалгынбаев Кыштоо ........................................ 73
Улан Мырзагелдиев ........................................ 74
Мейманова Жанар ........................................ 74
Жолдошова Шарапатка ........................................ 75
Жумабаева Нургүл ........................................ 75
Касымалиев Турар ........................................ 76
Анжанбаев Жоодар ........................................ 76
Жунушалиева Айзада ........................................ 76
Мухаммадин уулу Алмаз ........................................ 77
Сатаров Мааданбек ........................................ 77
Тилебалдиева Роза ........................................ 77
Карабаев Анарбек ........................................ 78
Аттокуров Санчоро ........................................ 78

Кадыржанова Жаңыл ........................................ 78
Кадыркулов Нарынбек ........................................ 79
Мырзакулов Айбек ........................................ 79
Тиленбеков Урмат ........................................ 79
Нукенов Рапилмалик ........................................ 80
Абдыжапарова Назбү ........................................ 80
Субогожоева Муслима ........................................ 81
Абдрахманова Базаркүл ........................................ 81
Эрмендирова Сыйбү ........................................ 82
Мынакей болду жаңылык, ........................................ 83
Эскерүү минутасы ........................................ 85
Кызыл килем ........................................ 86
Апамдын өнөрү ........................................ 87
Кыргыз бийге ........................................ 88
Дуэт ........................................ 88
Жаш акынга ........................................ 89
Ошол күндөр келсе кана эртерээк ........................................ 90
Мен кудайдан сураймын ........................................ 92
Аман бол ........................................ 94
Аталар ........................................ 95
А сен качан айтасың? ........................................ 96
Махабат кайгы ........................................ 97
Апамдын жарышы ........................................ 98
Мимозага ........................................ 99
Күтүү ........................................ 100
Классташтар чогулалы кечеге ........................................ 101
Ырларым бар ........................................ 102
Мезгилдерге багыт алып баратам ........................................ 103
Эми билдим ........................................ 104
Бабалар айткан макалдар ........................................ 105
Жамгыр, жамгыр жаздагы ........................................ 106
Бактылуусуң, Мугалим ........................................ 107

**Айзада Жунушалиева**

# БОЛБОСОМ ДА ЭЛ АКЫН

*Ырлар*

*Автордук редакцияда*

Компьютердик калыптоочу *Табылды Жанызаков*
Сүрөтчүсү *Мырзабек Кадыров.*

Форматы 84х108 $^{1}/_{16}$. Көлөмү 7 б. т.
Заказ №15. Нускасы 200 даана.

Бишкек шаары,
«Бийиктик плюс» басмасы,
Ю. Абдрахманов көчөсү, 170 а.
Тел.: 0777 74-35-68